# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жылдын январь айы үчүн)*

Январь айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын биринчилик рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 200,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,5 пайызга көп. Сатуунун мындай көбөйүүсү коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн күч алышынын эсебинен жүргөн (үч коммерциялык банк жигердүү катышкан), 2012-жылдын июнь айынан тартып жигердүү катышып келген институционалдык инвестор тарабынан кызыкчылык жогорку деңгээлде сакталып турган.

Канааттандырылган суроо-талап деңгээли 56,1 пайызга жогорулап, 74,5 пайызды түзгөн. Мында баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 0,5 пайыздык пунктка өсүп, 15,0 пайыз чегинде калыптанган. МКО боюнча кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан көпчүлүк банктардын мамлекеттик баалуу кагаздардын бул түрүнө кызыкчылыгы, алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүү мүнөзүн эске алсак, анчалык жогору эмес.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Январь айында жүгүртүүдөгү МКО көлөмү ай ичинде 1,9 пайызга жогорулоо менен 4,8 млрд. сомго жеткен. Мында институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 0,1 пайыздык пунктка (47,5 пайызга чейин) бир аз төмөндөшү, ал эми коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 0,1 пайызга жогорулап, 52,4 пайыз чегинде катталган. Юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде орун алган.

Айдын акырына МКО биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,44тү түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ эки инвестордун катышуусун тастыктап турат.

Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

---

[1] Бул индекс баалуу кагаздардын банктар портфелинде концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелинет жана көрсөткүчтүн жалпы көлөмүндө салыштырмалуу салмактын квадрат суммасы катары берилет. Индекстин мүмкүн болуучу мааниси 0дон 1ге чейинки интервалда орун алат. 0,10дон төмөн маанидеги индекс концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – орточо деңгээлине, ал эми 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалы, 0,50гө барабар болгон концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б.у.с. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Январь'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Февраль'2012 | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Март | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Апрель | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Май | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Июнь | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Июль | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Август | 3 936 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 4 092 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 4 362 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |
| Ноябрь | 4 561 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Декабрь | 4 750 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 0,0 | 0,0% | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |